КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

Ж. БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК
УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ,
ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И
ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ
НАЦИОНАЛЬНЫЙ
УНИВЕРСИТЕТ
им. Ж. БАЛАСАГЫНА

ТЕСКЕМЕ
РАСПОРЯЖЕНИЕ

2026-жылдын
28-октябрь

№ 01-5/61

Бишкек ш.

Аспиранттардын, докоранттардын, PhD - докоранттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин темаларын артыкчылыктуу илимий багыттарга ылайык бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 598-р тескемеси менен бекитилген 2024-2028-жылдарга илимди, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарын, ошондой эле Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Илимий-техникалык кеңешинин 2026-жылдын 30-июнундагы №14-чечимин ишке ашыруу максатында:

1. Аспиранттардын, докоранттардын, PhD – докоранттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин темалары университеттин артыкчылыктуу илимий изилдөө багыттарына ылайык аныкталсын жана бекитилсин.
2. Факультеттердин деканларына, институттардын директорлоруна жана кафедра башчыларына/программа жетекчилерине:

   - бакалаврдык бүтүрүүчү квалификациялык иштерди жана магистрдик диссертациялардын темаларын кафедралардын илимий темаларына ылайык бекитүүнү камсыздасын;
   - аспиранттардын, докоранттардын, PhD – докоранттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин темаларын бекитүүдө, университеттин артыкчылыктуу илимий багыттарына шайкеш келишин камсыз кылышсын;
   - диссертациялык иштердин темаларын бекитүүгө сунуштоодо тиешелүү артыкчылыктуу илимий багытын көрсөтүшсүн;

3. Илим жана илимий-аналитикалык ишмердүүлүк бөлүмү жана докторантура мектеби аспиранттардын, докоранттардын, PhD – докоранттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин темаларынын бекитилген артыкчылыктуу илимий багыттарга шайкештигин көзөмөлдөөнү жана тиешелүү иштерди координациялоону камсыз кылсын.

4. Бул тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө илимий иштер боюнча проректор Мырзабек Камчыбек уулуна жүктөлсүн.

   Артыкчылыктуу багыттар тиркелет.

Биринчи проректор -
окуу иштери боюнча проректор **А.Б. Шамшиев**

Тиркеме

КУУда илимий-изилдөө иштердин артыкчылыктуу багыттары

1. Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсү: саясий жана социалдык-экономикалык трансформациялар.
2. Бүгүнкү күндөгү кыргыз тили: проблемалар жана келечеги.
3. Өлкөдөгү жашыл экономика жана туруктуу өнүгүү: экологиялык жана экономикалык чакырыктар.
4. Кыргыз Республикасындагы саламаттыкты сактоо: калктын жашоо сапатын жогорулатуу жана оорулардын алдын алуу.
5. Кыргызстандын экосистемаларынын контекстинде климаттын өзгөрүшү жана жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу.
6. Кыргызстандагы Индустрия 4.0: өнөр жайдагы санариптештирүү жана автоматташтыруунун келечеги.
7. Билим берүүдөгү санариптик трансформация.
8. Фундаменталдык жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү: инновациялык ыкмалар жана практикалар.
9. Улуттук наркка негизделген таалим-тарбия, билим берүү, илим жана маданият системасын өнүктүрүүнүн инновациялык моделдери.